АПРЕЛДИН ЖАМГЫРЫ

Сөзү: Элмира Ажыкановаңыкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2019-жыл, 6-декабрь

Сезген элем жети катар туюмдан,
Сени мага тагдыр өзү буйурган.
Ошол күнкү апрелдин жамгыры
Арзуу болуп, бакыт болуп куюлган.

Ошол көктөм төлгөсүндөй тагдырдын,
Мен сүйүүгө акылымды алдырдым.
Көкүрөккө толуп кеткен көз жашым
Күүсү болуп агып турду жамгырдын.

Алты кабат айлампалуу жолдомун,
Айтып болбос бул тагдырдын болжолун.
Билесиңби, сага келген ушул жол
Кандай татаал, кандай азап болгонун?!

Сен деңизсиң толкундары түрүлгөн,
Мен желаргы сени көздөй жүгүргөн.
Билбейм бизди кайда алпарат бул тагдыр
Биротоло келдим сага бүгүн мен.